**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору**

714003. Ош шаары,
Водозаборная к. 215/1

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**
**Центр последипломного и непрерывного медицинского образования**
714003.г.Ош , ул.Водозаборная 215/1

№ 14 « 04 » 12 2023ж Ош шаары

Дирекция отурумунун

**ПРОТОКОЛУ**

Төрайымы: А.К. Жанбаева.
Катчысы: А.А.Токтосунова
Катышкандар:
Ординатура бөлүмүнүн башчысы: К. К. Абдурасулов
Үзгултуксуз медициналык билим берүү
бөлүмүнүн башчысы: Ч.А. Эшбаева
Терапиялык адистиктерине билим берүү
программалар жетекчиси: Ж.Б.Иметова
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар
бөлүмүнүн окуу иштери боюнча орун басары: Г.А. Кочконбаева
Педиатриялык адистиктеринебилим берүү
программалар жетекчиси:А.Т.Маткасымова
Стоматологиялык адистиктерине билим
берүүпрограммалар жетекчиси: Г.С.Эргешова
Окуу-методикалык кеңештин төрайымы: А.А.Токтосунова
Илимий-иштер төрайымы: Г.Н.Аттокурова
Проф.союз төрагасы: Г.У. Аскаров

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1.** Окуу процессине практикалык көндүмдөрдүн баллдык-рейтингдик баалоо системасын киргизүү.
**2.** ДКжҮМББнун баардык адистиктеги интерналар жана ординаторлор үчүн «Изилдөөнүн илимий методдору» деген 3 күндүк семинар жыйынтыгы.
**3.** Ар түрдүү маселелер. Бүткүл дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнүнө карата ординаторлор менен иш жүргүүзү.

1. Окуу процессине практикалык көндүмдөрдүн баллдык-рейтингдик баалоо системасын киргизүү.
Угулду: А.К. Жанбаева.
Саламатсынарбы кесиптештер! Быйылкы 2023-2024 -окуу жылына электрондук журнал ишке киргизилгендигине байланыштуу, электрондук журналга практикалык сааттарды киргизүү мүмкүн болбогондуктан, баллдык-рейтингдик баалоо системасын иштеп чыгышыбыз керек. Ар бир программа жетекчиси кесиптештер менен макулдашып сунуштарыныздарды бериниздер.

2. ДКжҮМББнун баардык адистиктеги интерналар жана ординаторлор үчүн «Изилдөөнүн илимий методдору» деген 3 күндүк семинардын жыйынтыгы.

Угулду: Г.А. Кочконбаева.
Урматтуу кесиптештер! «Изилдөөнүн илимий методдору» деген 3 күндүк (27.11.23, 29.11.23., 01.12.23) офлайн лекцияларды к.м.н., доцент, клиникалык жетекчиси К.Ш.Сакибаев жогорку деңгээлде окуп берди. Лекциялар интерналар жана ординаторлор үчүн ички жана аймактык рейтингдердин талаптарын аткарууну активдештирүү максатында өткөрүлдү. Келечектеги адистер үчүн лекция абдан пайдалуу, маалыматтарга бай жана жемиштүү болду, алар керектүү кызыктуу теориялык билимдерди алышты. Андан ары лектор илим жаатындагы көп жылдык тажрыйбасы менен методикалык сунуштары менен бөлүшүп, SCOPUS жана бардык каттоодон өткөн интерналар жана ординаторлор негизинде илимий журналдарга макалаларды жана макалаларды жазуу боюнча багыттарды берди. eLIBRARY/RISC, Web of Science, ORCID, SCOPUS, Google Scholar, RESEARCHGATE (RG).

3. Ар түрдүү маселелер. Бүткүл дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнүнө карата ординаторлор менен иш жүргүзүү.
Угулду: Г.А. Кочконбаева.
Иш-чара Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнүнө арналып, “СПИДге каршы бирге” деген темада 1-декабрь күнү өткөрүлдү. ДКжУМББнун хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн клиникалык жетекчилери жана ординаторлору ОшМУнун педагогика факультетинин студенттерине түшүндүрүү лекциясын өткөрүштү. Бул иш чарага окуу жайдын студенттери жана мугалимдер жамааты катышты. Лекциянын максаты болуп ВИЧ/СПИДге каршы күрөштө жаштарга ВИЧ-инфекциясын алдын алуу, сактануу жана маалымдоо аянтчасын берүү аркылуу күч-аракеттерди бириктирүү; бейформал талкуу аркылуу жаштардын ВИЧ-инфекциясы жана анын алдын алуу боюнча маалымдуулугун жогорулатуу болду.

Токтом кылат:

1. Окуу процессине практикалык көндүмдөрдүн баллдык-рейтингдик жобоосун түзүп жана бекитүүгө тапшыруу.
2. Интерналарды жана ординаторлорду негизинде илимий журналдарга макалаларды жазуу жана аймактык рейтингдердин талаптарын аткарууну активдештирүү аткарылышын камсыздоо көзөмөлгө алуу ар бир программа жетекчисине жүктөлсүн.
3. Ар түрдүү маселелер. Бүткүл дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнүнө карата ординаторлор менен иш жүргүзүүн жыйынтыгын бекитүү.

Төрайымы: ____________ А.К. Жанбаева

Катчысы: ____________ А.А.Токтосунова